**Интеллектуалдык менчик жаатындагы ченемдик укуктук актыларга мониторинг жана талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары**

**жөнүндө 2019-жылдын отчету**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (мындан ары – Кыргызпатент) отчеттук мезгилде 2015-жылга "Жөнгө салуунун тутумдук талдоосу" жөнгө салуучулук реформа боюнча долбоордун алкагында интеллектуалдык менчик жаатындагы 44 (кырк төрт) ченемдик укуктук актыларга (мындан ары – ЧУА) мониторинг жана талдоо жүргүзгөн, аны ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-январындагы N4 токтомдун 4-пункту менен каралган.

ЧУАга жогоруда аталган талдоону жүргүзүү үчүн Кыргызпатентте тиешелүү Жумушчу топ иштейт.

Кыргызпатент тарабынан төмөнкү ченемдик укуктук актыларынын долбоору иштелип чыккан:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 13-февралындагы № 94 "Товардык белгилерде, тейлөө белгилеринде Кыргыз Республикасынын толук же кыскартылган атын жана анын негизинде түзүлгөн сөздөрдү жана сөз айкаштарын пайдалануунун тартиби жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 8-июлундагы № 343 токтому менен бекитилген.